КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ЗДРАВООХРАНЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК

# ПРИКАЗ

19.04.2022 № 484

Бишкек ш.
г. Бишкек

## Орто кесиптик билим берүүдөгү "Медициналык айым иши" адистиги боюнча эксперименталдык программаны киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-2030-жылдарга калктын саламаттыгын сактоо жана саламаттыкты сактоо тутумун өнүктүрүү боюнча "Дени сак адам – өнүккөн өлкө" (мындан ары Программа 2030) улуттук программасын жана 2019-2023-жылдарга медайымдык жана билим берүүнү өнүктүрүү программаларын ишке ашыруу, ошондой эле Кыргыз Республикасында медициналык кызмат көрсөтүүнүн сапатын жана медайым адистеринин ролун жогорулатуу максатында буйрук кылам:

1. Төмөндөгү медициналык колледждер пилоттук катары бекитилсин: Бишкек медициналык колледжи, Токмок медициналык колледжи, Нарын медициналык колледжи жана ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжи;
2. Бишкек медициналык колледжинин (Ч.С. Усубалиева), Нарын медициналык колледжинин (Т.Б. Арпачиева), Токмок медициналык колледжинин (Э.Ч. Асаналиева) жана ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин (О.Т. Станбаев) директорлоруна эксперименталдык билим берүү программасы киргизүү үчүн төмөнкү иш чараларды аткаруу милдеттендирилсин:
   - 2022-жылдын 15-сентябрынан баштап окууну баштоо;
   - билим берүү мекемелеринин базасында зарыл шарттарды уюштуруу;
   - окутуучулук курамга билим берүүнүн жаңы технологияларына үйрөтүү;
   - окуу жылынын аягында профессордук-окутуучулук курам, клиникалык насаатчылар, иш берүүчүлөр, студенттер жана башка кызыкдар тараптар менен эксперименттин жыйынтыктарын жыл сайын талкуулоону уюштуруу;

- калктын ден соолугун чыңдоодо медайымдык кесиптин ролунун маанилүүлүгү жөнүндө абитуриенттер жана кызыкдар тараптардын арасында кеңири кесиптик багыт берүү жана маалыматтык иштерди жүргүзүү;
- жыл сайын июнь айында Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Кадрлар жана медициналык билим берүү башкармалыгына, Медициналык жардамды уюштуруу жана дары саясаты башкармалыгына жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Кесиптик-техникалык билим берүү башкармалыгына эксперименттин натыйжалары берилсин.

3. С.Б. Данияров атындагы КМКДжАЖИ ректору (Курманов Р.А.) туруктуу негизде клиникалык насаатчыларды даярдоону камсыз кылсын.

4.Саламаттык сактоо мекемелеринин жетекчилерине:

- билим берүү методдору жана технологиялары боюнча окутуу үчүн клиникалык насаатчылардын тизмесин аныктоо жана берүү;
- 2022-жылдын сентябрынан тартып өз мекемелеринин базасында эксперименталдык билим берүү программасынын клиникалык практикасын ишке ашырууну уюштурсун жана зарыл шарттарды камсыз кылсын.

5.Эксперименттик билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон иш-чараларды өткөрүү менен байланышкан чыгымдар «Кыргыз Республикасындагы медициналык билим берүүнү реформалоо» швейцариялык долбоорунун эсебинен жүргүзүлсүн (макулдашуу боюнча).

6.Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө министрдин орун басары Ж.А.Ташиевге жүктөлсүн.

## О внедрении экспериментальной программы по специальности «Сестринское дело» среднего профессионального образования

В целях реализации Национальной программы Плана мероприятий Программы Правительства Кыргызской Республики по охране здоровья населения и развитию системы здравоохранения на 2019 - 2030 годы «Здоровый человек - процветающая страна» (далее-Программа 2030), Программы развития сестринского дела и образования на 2019-2023 годы, а также повышения роли специалистов сестринского дела и улучшения качества медицинских услуг в Кыргызской Республике, **приказываю:**

1. Утвердить следующие медицинские колледжи в качестве пилотных: Бишкекский медицинский колледж, Токмокский медицинский колледж, Нарынский медицинский колледж и Узгенский международный медицинский колледж при ОшГУ;

2. Директорам Бишкекского медицинского колледжа (Ч.С. Усубалиева), Нарынского медицинского колледжа (Т.Б. Арпачиева), Токмокского медицинского колледжа (Э.Ч. Асаналиева), Узгенского международного

медицинского колледжа при ОшГУ (О.Т. Станбаев) для внедрения экспериментальной образовательной программы:

- начать обучение с 15 сентября 2022 года;
- организовать необходимые условия на базе образовательных организаций;
-обучить преподавательский состав новым образовательным технологиям;
- организовать ежегодное обсуждение итогов эксперимента по окончании учебного года с педагогическими работниками, клиническими наставниками, работодателями, студентами и остальными стейкхолдерами.
- провести широкую профориентационную и информационную работу среди абитуриентов и стейкхолдеров о значимости роли сестринской профессии в укреплении здоровья населения;
- представлять результаты эксперимента ежегодно в июне месяце в Управление человеческими ресурсами и медицинского образования, Управление организации медицинской помощи и лекарственной политики Министерства здравоохранения Кыргызской Республики и Управление профессионального образования Министерства образования и науки Кыргызской Республики.

3. Ректору КГМИПиПК им. С.Б. Даниярова (Курманов Р.А.) обеспечить подготовку клинических наставников на постоянной основе.

4. Руководителям организаций здравоохранения:

- определить и предоставить список клинических наставников для их обучения образовательным методам и технологиям;
- организовать реализацию клинической практики экспериментальной образовательной программы на базе своих организаций с сентября 2022 года и обеспечить необходимые условия.

5. Расходы, связанные с проведением необходимых мероприятий для реализации экспериментальной образовательной программы за счет средств швейцарского проекта «Реформы медицинского образования в Кыргызской Республике» (по согласованию).

6. Контроль за исполнением приказа возложить на заместителя министра Ж.А. Ташиева.

**Министр** **А.С. Бейшеналиев**

**“Орто кесиптик билим берүүдөгү “Медициналык айым иши” адистиги боюнча эксперименталдык программаны киргизүү жөнүндө” буйругунун долбооруна макулдашуу барагы**

**“19” 04. 2022 – ж. № 484**

**АРжМБББ долбоор киргизет**

**Аткаруучу:**

АРжМБББ жетектөөчү адиси А.Т.Шаболотова

АРжМБББ башчысы А.А.Бообекова

**Макулдашылды:**

Министрдин орун басары Ж.А. Ташиев

Министрдин орун басары Ж.М. Рахматулаев

МЖУжДСБ башчысы Н.Э. Жусупбекова

КСБ башчысы А.А.Раимбаева

Юридикалык бөлүмдүн башчысы А.Б. Жумакеев

Башкы адиси Б.А. Усонов